КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# БУЙРУК - ПРИКАЗ

“ 4 “ май 2018-ж. Бишкек ш. № 61.

«2018-2018-окуу жылынын жайкы
семестрин уюштуруу жөнүндө»

Окутуунун кредиттик системасынын (ECTS) негизинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө Жобого жана И.Раззаков атындагы КМТУда сынактык сессияларды өткөрүүнүн Регламентине ылайык, КМТУдагы студенттердин академиялык айырмачылыктары менен карыздарын жоюу иш-чараларын уюштуруу максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. 2017-18-окуу жылынын күндүзгү жана сырттан окуган студенттери үчүн жайкы семестрдин мөөнөтү **2018-жылдын 4-июнунан 29-июнуна чейин** деп белгиленсин.
2. Жайкы семестрге төмөнкүлөр катыша алат:

2.1. академиялык карыздары бар жана сабактарга 15 кредиттен көп эмес катталуудан өткөн 1-2-3- курстун (күндүзгү, сырттан) жана 4-курстун (сырттан) студенттери (акы төлөөнүн негизинде);

2.2. академиялык карыздары бар жана сабактарга 15 кредиттен көп эмес катталуудан өткөн бүтүрүүчү курстардын жана кийинки жылы бүтүрүүчү курстардын студенттери (акы төлөөнүн негизинде);

3. Кафедралар, академиялык кеңешчилер жана офис-каттоо кызматтары менен биргеликте деканаттар жайкы семестрди уюштуруу жана өткөрүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзүшсүн, тактап айтканда;

3.1. 2017-18-окуу жылынын жазгы семестринде “FX” жана “I” баалары бар студенттерден башка бардык категориялардагы студенттерди жазгы семестрдеги сынактык сессиянын учурунда жайкы семестрге каттоо жүргүзүлсүн;

3.2. окутуунун бардык курстары үчүн жайкы семестрдин 2018-жылдын 4-июнунан 29-июнуна чейин боло турган сабактарынын жана сынактардын ырааттамасы ОБдун макулдашуусу боюнча түзүлсүн;

3.3. студенттердин катышуусун белгилөөчү барактардын (1-тиркеме) пайдаланылышына жана толтурулушуна көзөмөлдүк жүргүзүлсүн;

3.4. жайкы семестрге катышкан окутуучуларга 2.1- жана 2.2-пункттарды аткаргандыгы боюнча сааттык төлөм акыларын жол-жоолоштуруу үчүн алардын тизмесин ОБго тапшырсын.

4. Жайкы семестрдин жыйынтыгы боюнча студенттерди кийинки окуу жылына которуу 15 кредитке чейин карызы барлар үчүн гана жүргүзүлсүн.

5. Университеттеги МС бар болгон эрежелерге жана процедураларга ылайык, жайкы семестрди маалымат менен камсыз кылсын.

6. Бул буйруктун аткарылышына көзөмөлдүк кылууну өзүмө калтырам.